УДК 304.3 (575.2) (043.3)

# АЯЛДАР МАСЕЛЕЛЕРИНИН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА МАДАНИЯТ ЖАНА СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ТАРМАКТАРДАГЫ КӨРҮНҮШҮ

А.К.ШАЙЫЛДАЕВА
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

*Бул макала элет жергесиндеги аялдардын социалдык проблемаларын чагылдырган актуалдуу маселелерине арналган. Элет жергесиндеги аялдар өзүнчө демографиялык топту түзүшөт. Алар спецификалык социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөр менен айырмаланып, ар түрдүү ролго жараша функцияларды камтыган. Анын ичинде коомдогу жаны социалдык экономикалык этникалык норма, алардын баалуулугу социалдык статустун элементи болуп эсептелген руханий дүйнөдөгү мамилелер каралган.*

*Статья посвящена актуальным вопросам социальных проблем сельских женщин. Сельские женщины представляют собой отдельную социально-демографическую группу общества, отличаются специфическими социально-психологическими особенностями, различными ролевыми функциями, включая все сферы отношений в обществе, ценностными ориентациями и духовным миром, которые и являются элементами социального статуса.*

*This article is devoted to topical issues of social problems of rural women. Rural women are a separate social-demographic groups in society, has unique socio-psychological characteristics, different roles, including all spheres of social relations. to the new social and economic relations, moral and ethical standards of their value orientation and the spiritual world, which are the elements of social status.*

Эгемендүүлүктү алгандан бери Кыргызстанда ар түрдүү саясаттар жүргүзүлүп келүүдө. Бирок тилекке каршы өлкөбүздүн алыскы аймактарындагы карапайым калктын жашоо шарты мурдагы бойдон эле оор абалда калууда. Мамлекет тарабынан өлкөнн өнүктүрүү боюнча ар-түрдүү стратегиялык программалар иштетилип чыкканы менен көзгө көрүнөөрлүк бир жыйынтык алып келген жок. Алыскы айыл-жергелеринде жашаган карапайым калктын жашоо-шартын реалдуу түрдө өзгөртүү үчүн туура багыттагы иш-аракеттерди аткаруу учурдагы эң актуалдуу маселелердин катарында каралууда. Аялдардын коомдогу ар кыл чөйрөдө алган ордуна болгон кызыкчылык кур жерден келип чыккан эмес, анткени аял менен коом бир бүтүн, анын бөлүгү. Өлкөдөгү болуп жаткан кескин өзгөрүштөр тигил же бул жагынан өзгөчө жана карама-каршылыктуу катары мүнөздөлгөн “аялдар маселесине” өз таасирин тийгизет. Анын маңызы биримдик жана карама-каршылыктардын күрөшүү мыйзамы, бир эле убакытта, аялдын жумушчу жана эне, жашоо берекесин жаратуучу жана балдардын тарбиячысы милдеттерин аткаруусу менен аныкталып, ал эми чечилиши социалдык шарттар менен шартталган. Аялдарга болгон мамиле - улуттун цивилизацияга жетишкендигинин көрсөткүчү, коомдогу маданият деңгээлинин барометри. Аялдар маселеси аркылуу эркин экономикалык мамилелердин терендиги, коомдун демократиялык деңгээли, калктын болуп жаткан өзгөрүүлөргө болгон ылайыкташуусу жөнүндөгү тыянактарды чыгарса болот.

Аялдар билим алуу менен коомдун өнүгүү баскычынын жогорку тепкичинде эркектер менен тең укукта боло алышат. Мисалы, Кыргызстандын улуттук статистикасынын берилген көрсөткүчтөрүнө таянсак аялдардын социалдык тармакта көбүрөөк орун аларын (Караңыз: График №1) көрүнүп турат /1/.

**Графиги 1.** *2002/2003-2010/2011окуу жылдарынын, жыйынтыкка карата процент менен орто кесиптик окуу жайларынын студенттерин адистештирилген айрым тармактар боюнча бөлүштүрүү.*




| | 2002-2003 | 2010-2011 |
|---|---|---|
| Билим берүү | 80 | 83 |
| Саламаттыкты сактоо | 80,6 | 86,8 |
| Экономика жана башкаруу | 60,3 | 68,4 |
| Маданият жана искусство | 58,2 | 63,4 |
| Өнөр жай | 41,9 | 70 |
| Курулуш жана архитектура | 17,6 | 26,6 |
| Айыл чарба жана балык чарбасы | 20,4 | 27,4 |

Ысык-Көл, Нарын, Чүй областарында жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөтүп тургандай сурамжылоонун натыйжасында (39%) билими жогорку жана толук эмес жогорку билимдүү респонденттер түздү. Үчтөн бир бөлүгүн (29 %) орто билимдүү. Ар бир бешинчи респондент (22 %) атайын орто, башталгыч кесиптик (6 %) жана толук эмес орто билимдүү (4 %) түздү. Кесиптерди талдоо анализи көрсөткөндөй, жумушсуздар ар түркүн чөйрөдө кездешет. Мисалы, мугалимден баштап эколог жана юристерге чейин. Ошол эле учурда ар бир онунчу респондент (11 %) эч кандай кесипке ээ эмес.

«Үй-бүлөлүк тарбиялоого гендердик теңдикти киргизүү» долбоорунун алкагында Нарын жана Баткен облустарында эки ресурстук борбор түзүлдү. Алар тематикалык адабият (ПРООН), электрондук булактардагы, КБАнын адистери иштеп чыккан окуу модулдары менен жабдылган, ЮНЕСКОнун жана ЮНИСЕФтин колдоосу менен сапаттуу билим берүүдө. Кыздар менен балдардын тең мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу, үй-бүлөлүк тарбияга гендердик ыкмаларды киргизүү, үй-бүлөдө түзүлгөн, улуттук маданият жана салттар менен байланышкан гендердик стереотиптерден арылууга ата-эне коомчулугун окутуу маселелери боюнча билим берүүнү башкаруунун аймактык органдарынын жетекчилери үчүн бир катар семинарлар өткөрүлдү.

Кайсы гана коом болбосун, анын өсүп-өнүгүшүнүн, алга жылышынын бирден бир шарты болуп өнүккөнбилим системасы эсептелет. Себеби, билим берүү, тарбиялоо системасынын жетишкендиктери аркылуу ошол өлкөнүн бүтүндөй келечектеги маданий деңгээли аныкталат.

Кыргызстанда аялдардын салыштырмалуу билим деңгээли эркектерден кем калбайт. Албетте, бул көрсөткүч аялдардын социалдык калыптанышына күчтүү тоскоолдук болбойт. Феминистик жакырчылык, биринчи кезекте, аялдардын билимге болгон салымынын төмөндөшү. Айылдагы кыз-бала биринчи учурда билим алуу укугунан аксайт. Билим алуу тармагынан аксап калуу, көнүмүш жакырчылык, ал жаш кыздардын талаптарына жана пландарына тоскоолдук жаратат.

Көп түрлүү маданияттагы билим жана тарбия берүүнүн принциптери маданий көп түрдүүлүктү сактоого жана урматтоого, бардыгына билим жана тарбия алууга, тең укуктарга жана окуучуларды жалпы улуттук саясый, экономикалык, жарандык жана руханий нарктарды жаратууга жетишүүгө өбөлгө болот.

Дискриминацияга жол бербөө жана теңдик принциби бул эң оболу индивидуалдуулукка тиешелүү – бир дагы адам кайсы бир башка этномаданий, гендердик

же курактык топко таандык болгондугу үчүн гана айыпталышы же аны курчагандардын тескери баасына кабылбашы керек. Бул инсандын нарктуулугун жана адам укугун ырастаган маанилүү негиз. Педагогикалык тажрыйбада мындай принципти жүзөгө ашыруу ар кандай жоруудагы стереотиптер жана ниет-ишенимдер менен күрөш жүргүзүү дегенди билдирет.

Өсүп келе жаткан жаш муундарды коомдун талабына ылайык жашоо-тиричиликке, эмгекке, өндүрүшкө, маданиятка даярдоо негизинен коомдук таалим-тарбия жана билим системасы аркылуу ишке ашат. Өлкөнүн билим берүү системасы дегенде ошол өлкөдөгү мектепке чейинки тарбия берүүчү мекемелерден баштап, жогорку жана андан кийинки таалим-тарбия жүргүзүүчү, билим берүүчү кызмат аткарган жана өсүп келе жаткан жаш муундардын ар тараптан өнүгүшүнө жардам көрсөтүү максатында иштеп жаткан мекемелердин жыйындысын түшүнсө болот. Ал эми Республикадагы экономикалык абалдын начарлашы мектептердин курулушунун кыскарышына алып келди. 2002-жылдан 2006-жылга чейинки мезгилде республикада 39,4 миң окуучу орундук 148 жалпы билим берүүчү мектептер ишке киргизилген. Жаңы объектилерди ишке киргизүү, негизинен, калыбына келтирүү, иштеп жаткан мектептерге улай жана өзүнчө имараттарды кошуп куруунун эсебинен болду.[1] Жыныстар аралык теңсиздик, биринчи кезекте, социалдык тармактагы аялдар менен эркектердин мүмкүнчүлүктөрүнөн келип чыгат. Бул көптөгөн изилдөөлөр менен тастыкталган. Билим алуудагы теңсиздик көптөгөн келишпестиктерди алып келет жана билим алуудагы социалдашуунун негизинде тарбия берүү, жашап жаткан коомдогу кесиптик өсүп өнүгүү жана саясый, маданий, экономикалык шарттарга жараша болот. Кыргызстандагы билим берүү тармагы абдан жогору жана жалпы деңгээлдин көтөрүлүшүнө алып келүүдө /2/. 15-24 жаштагы аялдар арасындагы билим деңгээли болжол менен 100 % түзөт. Кыргызстандагы калктын жыл сайын табигый өсүшү 1 %, бул, өз учурунда, калктын потенциалынын туруктуу өсүшүнөн кабар берет. Калктын үчтөн эки бөлүгү айыл жеринде жашагандар, ал эми аялдар – 50,6 % түзөт. Билим берүү бул өзүнүн ичине: системалуу түрдө негизги жана кошумча формалдуу билим берүүнү; агартуучулукту, б. а. маданияттуулукту жайылтуу жана сабаттуулукту көтөрүүнү; өз алдынча билим алууну өркүндөтүүнү камтыйт. Көз карандысыздыкка жетишкенден бери, билим берүү тармагында ири реформалар жүргүзүлдү. Бул өзгөрүүлөрдүн негизин Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы, «Билим берүү» программасы, «Билим алуудан пайдалануу мүмкүнчүлүгү (Жеткинчек)» программасы, «XXI кылымдын кадрлары», «Жаш мугалимдин депозити», «Айылдык билим берүү» комплекстик программалары ж.б. түздү.

Акыркы жылдары мектепке чейинки уюмдардын инфраструктурасын өнүктүрүү жана мектепке чейинки инновациялык программаларды ишке киргизүү боюнча кабыл алынып жаткан иш-чаралардын натыйжасында акыркы 5 жыл ичинде мектепке чейинки мекемелердин саны да өсүүдө: 2007-жылга салыштырганда 2011-жылы 1,56 эсеге, б.а. 474төн 741ге өскөн. Республиканын мектепке чейинки мекемелерде балдардын саны да акыркы 5 жыл ичинде туруктуу көбөйүп, 2007-жылга салыштырганда 2011-жылы 1,57 эсе, б.а. 62,8 миңден 98,7 миңге өскөн.[2] Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан республиканын айрым чөлкөмдөрүндө ачылган коомдук бала бакчалардын ачылышынын эсебинен, ошондой эле, Ага Хан фонду жана башка эл аралык уюмдар тарабынан каржыланып, мектепке чейинки балдар үчүн имараттарды калыбына келтирилишинин эсебинен мектепке чейинки уюмдардын санынын өсүшүн камсыз кылынган.

Ошону менен бирге, мектепке чейинки уюмдарга барып жүргөн 7 жашка чейинки курактагы балдардын санынын туруктуу өсүшүнө карабастан, алардын үлүшү баштагыдай эле төмөн бойдон калууда жана азыркы учурда республика боюнча орто эсеп менен 12

---

пайызды түзөт. Мектепке чейинки окутуу менен камтылган балдардын үлүшү айыл жергесине салыштырганда шаарларда 5 эсе жогору /3/.

Чүй облусу, ошондой эле, Бишкек жана Ош шаарлары үчүн акыркы учурда балдарды негизги билим берүү менен камсыз кылуу деңгээли 100%. Бишкек, Ош жана Чүй облусунун шаарлар үчүн (Карабалта шаары, Токмок шаары) бул биринчиден калктуу пункттарга жакын жашаган ата-энелер балдарына шаардан сапаттуу билим берүүнү каалагандыгына байланыштуу. Ошондуктан, ал жерлердеги мектеп окуучуларынын саны көп болот.

Орто жана узак мөөнөттүк көрүнүшкө жараша билим берүү чөйрөсүндө улуттук артыкчылыктардын ичинен баштапкы жана негизги билим берүү өзгөчө орун алды. Орто мектептин чегинде калктын билим берүү менен камтылышы жеткиликтүү жогорку көрсөткүчкө ээ болду (96 пайыз). Ошондуктан милдеттүү окутуу чөйрөсүндө жетишкен ийгиликтер сакталды десек болот. Жалпы билим берүүчү мектептердин саны өсүүдө. Күндүзгү жалпы билим берүүчү мектептердин саны 1991-жылга салыштырганда 2011/2012-окуу жылынын башына карата 22,3 пайызга көбөйүп, 2237 түздү. Азыркы учурда республиканын мектептеринде 75,5 миң мугалимдер эмгектенүүдө. Мектептик билим берүү түзүлүшү менчик формалары жана ишмердик багыттары боюнча жигердүү өнүгүп жатат /4/.

Азыркы учурда республикада 109 кесиптик лицей (окуу жайы) бар. Мында окуучулар кесипти өздөштүрүү менен бирге орто билими тууралуу аттестат алышат. Республикада жогорку кесиптик билим берүү системасында 54 жогорку окуу жайы иштейт, алардын ичинен 33 мамлекеттик жана 21 жеке менчик формасындагы мекемелер. Аларда окуп жаткан студенттердин саны 2011/2012-окуу жылы 239 миңден ашык адамды болуп, жалпы студенттердин ичинен 129,2 миңин (54%) кыздар түздү. Алар республикада жашап жаткан 70 тен ашык улуттардын өкүлдөрү жана дүйнөнүн 24 өлкөсүнөн келген 13 миңден ашык студенттер билим алып жатышат. Жогорку кесиптик билим берүү системасында 12830 окутуучулар эмгектенишет.

Илим тармагы, башкаруу, финансылык жана башка структуралар үчүн диплому бар адистерди даярдоо боюнча аспирантуралардын ишмердигинин кеңейиши байкалды. Аспиранттардын саны 1991-жылга салыштырганда дээрлик үчтөн бирге өсүп, 2010-жылы 2 миңден ашуун адамга жеткен.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында билим берүү маселелери менен алектенген ондогон өкмөттүк эмес уюмдар бар. Алар жарандык билим берүүгө артыкчылык беришет. Бирок соңку учурларда өкмөттүк эмес уюмдардын билим жана тарбия берүү боюнча маселелердин кеңири чөйрөсүндө жигердүү катышкан тенденциялары пайда болду. Ушуга байланыштуу өкмөттүк эмес уюмдар көп маданияттуу билим жана тарбия берүүнү камсыз кылууда, биринчи иретте, программалык жана ченемдик документтерди түзүүгө, окуу методикалык материалдарды иштеп чыгууга, жазууга, жөлөкпулдарды чегерүүгө, ошондой эле кошумча түрдөгү формалдуу эмес көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүүнү камсыз кылууга катышса болот.

Жалпысынан коомдогу социалдык-экономикалык абал кыргыз аялдарынын гендердик теңдикке жетишүү процесси дайыма эле оң жактуу болбой турганын, ал кыйынчылыктар менен коштолушу мүмкүн.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. 2007-2010 жылдардагы Кыргыз Республикасында Гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук иш аракеттер планы [Текст]. – Б., 2007. – 19 б.

2. Кыргызстан цифраларда [Текст]: стат. жыйнак. 2012-ж. – Бишкек: Б-сыз, 2012. – 345 б.

3. Кыргызстандагы жогорку билим системасындагы реформанын абалы жөнүндө жана гендердик билим берүүнүн абалы жөнүндө отчет [Текст] (Д.Э.Шүкүров)

4. Кыргыз Республикасындагы билим берүү жана илим [Текст]. Статистикалык жыйнак. Бишкек, 2008-ж.
5. Кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы [Текст]. – Бишкек, 2009 ж.
6. Кыргызстан цифраларда [Текст]: стат. жыйнак. 2012-ж. – Бишкек: Б-сыз, 2012. – 345 б.
7. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнө 20 жыл [Текст]. Цифралар жана фактылар. – Б., 2011.
8. Перепись населения и жилишного фонда Кыргызской Республики 2009 года [Текст]: Население Кыргызстана. – Бишкек: НСК КР, – 2010. – 2 кн., ч. 1 – 412 б.
9. Пословицы и поговорки народов Востока [Текст]. – М.: Чыгыш адабият басмасы, 1961. – С. 274
10. Мультииндикаторное кластерное исследование, проведенное Национальным статистическим комитетом при поддержке ЮНИСЕФ [Текст], 2006.
11. Исследование гендерных и сексуально-поведенческих факторов, способствующих уязвимости женщин к ВИЧ/ СПИДу (Жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде) [Текст]. – ЮНИФЕМдин көмөгү аркасында Аялдарга жардам борбору даярдалган. – Бишкек, 2003.
12. Учебное пособие для преподавания курса «Криминология: Проблемы и предупреждения домашнего (семейного) насилия» [Текст]. – Б., 2010.